КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз VIII сессиясы**

**Токтом № 25**

**Сүлүктү шаары** **30-ноябрь 2021-жыл**

**Сүлүктү шаарынын аймагындагы маршруттук каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифин бекитүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын аймагындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдардын жол киралеринин өлчөмүн бекитип берүү жөнүндө шаардык мэриянын 2021-жылдын 16-ноябрындагы №01-12/02-1457, "Тулпар" жоопкерчилиги чектелген коомунун 25.11.2021ж. №15 каты жана шаардык маршруттук каттамдардын айдоочуларынын арызы боюнча шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы № 123 "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Мыйзамынын 27 беренесинин, 2013-жылдын 19-июлу N 154 "Автомобиль транспорту жөнүндө" Мыйзамынын 11 беренесине, 2009-жылдын 20-июлу N 241 "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Мыйзамынын 10,17 беренесине ылайык Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаардык кеңешинин 2014-жылдын 8-июлундагы №68 "Сүлүктү шаарынын аймагындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдардын жол киралеринин өлчөмү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп эсептелсин
2. Сүлүктү шаарынын аймагындагы маршруттук каттамдардын жүргүнчүлөрдү ташуу тарифи убактынча 2021-жылдын 10 декабрынан баштап 2022-жылдын I кварталынын аягына чейин бир жүргүнчүгө 20 сом, мектеп окуучуларына 10 сом өлчөмүндө бекитилсин.
3. "Тулпар" жоопкерчилиги чектелген коомунун директору Т.Каюмовго
   - Сүлүктү шаарынын аймагындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдардын техникалык жана санитардык абалын талапка ылайык келтирүү жагын көзөмөлдөө;
   - Сүлүктү шаарынын аймагындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдарды күтүлбөгөн жагдайлардын учурунда күйүүчү май жана керектүү тетиктер менен камсыз кылуу үчүн атайын шарттарды түзүү жана уюштуруу жагы милдеттендирилсин
4. Сүлүктү шаарынын аймагындагы жүргүнчүлөрдү ташуучу маршруттук каттамдардын жол киралеринин өлчөмүн "Шахтер" жолу гезитине жарыялоо жагы "Шахтер" жолу гезитинин башкы редактору К.Шамшиевага милдеттендирилсин
5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн

Төрага К.Мадаминов